**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети**

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

Д 13.23.673 диссертациялык кеңеши

*Кол жазма укугунда*

**УДК 37; 377.6; 378.6**

**Аземова Айгүл Аскербековна**

# ТИЛДИК ЭМЕС ФАКУЛЬТЕТТЕРДЕ КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН УНИВЕРСАЛДЫК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын АВТОРЕФЕРАТЫ

**Бишкек – 2024**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Кыргыз билим берүү академиясынын Филологиялык билим берүү лабораториясында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Добаев Кыргызбай Дүшөнбекович**
Педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын илимий изилдөөлөрдү уюштуруу лабораториясынын башкы кызматкери

**Расмий оппоненттер:**

**Жетектөөчү мекеме:**

Диссертациялык ишти ала коргоо 2024-жылдын 29-ноябрында саат 15.30дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720023, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, 10-кичи району, Саманчин көчөсү, 10 а.

Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду https://vc.vak.kg/b/d13-%20oyf-pc2-yyg

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547) китепканаларынан жана https://vak.kg/ сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын “___”___________ таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Д. К. Омурбаева**

# ИЛИМИЙ ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу**. Дүйнө жүзүндө, анын ичинде Кыргызстанда да ар тараптуу ааламдашуу процесси тездик менен жүрүп жатат. Дүйнөлүк атаандаштыктын шартында дүйнө өзгөрүп, коомдун социалдык тартиби да, эмгек рыногунун талаптары да өзгөрүүдө. Азыркы дүйнөдө базар экономикасына өтүү менен жаңы кесиптер пайда болууда. Ошондуктан Кыргызстандын жаштарын 21-кылымдын чакырыктарына жооп берүүгө даяр болушу үчүн окутуу боюнча аракеттерди активдештирүү зарыл.

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (17.07.2023, № 140) кабыл алынышы менен отуз жылдын ичинде мамлекеттик тилдин мыйзамдык базасын чыңдоо үчүн негиз түптөлүп, тилди өнүктүрүү, аны колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү боюнча бир катар олуттуу кадамдар жасалды. Кыргызстандын билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатын чагылдырган мыйзамдык жана программалык документтерде жогорку кесиптик билим берүү системасына окутууга компетенттүүлүк мамилени киргизүү, бүтүрүүчүгө турмуштук өзгөрүп жаткан кырдаалдарда тез ыңгайлашууга мүмкүндүк берүүчү компетенттүүлүк моделине негизделген жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, зарыл болгон компетенттүүлүккө өз алдынча ээ болуу, аларды ар кандай көйгөйлөрдү чече алуу, жеке жана социалдык ийгиликти камсыз кылуу үчүн практикада колдонуу жөнүндө көрсөтүлгөн.

Ошондой эле кыргыз тили мамлекеттик башкаруунун тили болушу үчүн кесиптик тилди калыптандыруу механизми киргизилиши керек. Бул максатта 2021-2025-жылдарга карата Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын билим берүү мекемесинин профилине жараша окуу китептерин, окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу жана басып чыгаруу көрсөтүлгөн (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-февралындагы № 67, 2023-жылдын 10-февралындагы № 64 токтомдору) 28-пунктка ылайык анда "Кыргыз тили жана адабияты" сабагынын ордуна "Кесиптик кыргыз тили" дисциплинасын киргизүү сунушталат.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын илимпоздору Д. Добаевдин [2003], К. А. Биялиевдин [2004], Л. П. Кибардинанын [2003], Н. А. Асипованын [2006], Н. К. Дюшееванын [2009], Т. В. Наркозиевдин [2014], А. Т. Калдыбаеванын [2019], К. К. Акматов [2020], А. С. Раимкулованын [2022], ж.б. жогорку билим берүү системасында, анын ичинде компетенттүүлүккө негизделген мамиле аркылуу жакшыртуу маселесин чечүүгө кошкон олуттуу салымына карабастан, курулуш тармагындагы адистер үчүн зарыл болгон универсалдык компетенцияларды өнүктүрүү маселелери илимпоздордун илимий кызыкчылыктарынын чөйрөсүнө кирген эмес.

Чет элдик изилдөөчүлөр: В. И. Байденко [2004], И. Л. Бим [2001], И. А. Зимняя [2003], Л. Е. Мальцева [2011], Дж. Равен [2002], В. В. Сафонова [2005], А.В.Агеева [2015], Ю. В. Слезко [2019], Е. М. Шульгинанын [2015] жана башка окумуштуулардын компетенциялар боюнча эмгектери да арбын. Биздин республикада коммуникативдик компетенцияларды өнүктүрүү проблемасына арналган эмгектер К. Д. Добаев [2016], Н. А. Ахметова [2019], К. А. Биялиев [2020], А. А. Жолчиева [2016], Д. Д. Куттубаева [2012], Т. А. Маковканын [2021] ж.б. изилдөөчүлөрдүн илимий иштеринде иликтенген.

Т.В. Архипованын илимий эмгегине кайрыла кетсек, анда ЖОЖдун студентинин коммуникативдик жөндөмдөрүнүн картасы иштелип чыккан [2017]. Ата мекендик изилдөөлөрдө А. А. Жолчиеванын кесиптик компетенцияларын калыптандыруу маселеси чет тилдерди окутуу процессинде студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандырууга арналган [2016]. Жогорку окуу жайда кыргыз тилин окутууда коммуникативдик компетенцияларды калыптандыруу проблемасын К.А. Биялиев [2002] изилдеген. Ошондой эле ар кандай профилдеги келечектеги адистер үчүн алардын маңызы жана компетенциялардын ар кандай түрлөрүнүн структурасын ачып, аларды калыптандыруунун педагогикалык шарттары иштелип, калыптануунун деңгээлин аныктоонун жана баалоонун механизмдери сүрөттөлөт. Компетенциялардын ар кандай түрлөрүн калыптандырууга арналган маселелерди активдүү изилдегенине карабастан, тил эмес факультеттердин студенттеринин кыргыз тили сабагында универсалдык компетенцияларды калыптандыруу маселеси бүгүнкү күндө толук изилдене элек.

Бир катар ата мекендик (К. Д. Добаев [2003], Н. К. Дюшеева [2009], А. Т. Калдыбаева [2019], А. К. Наркозиев [2014] ж.б.) жана орус изилдөөчүлөрүнүн С. Медведев [2007], В. В. Рябов [2004], Ю. В. Фролов [2004] пикири боюнча тенденциялардын бири, заманбап коомдо "билим" негизги категорияга айланып баратат. Алынган билимди иш жүзүндө колдонуу биринчи орунда турат деп, белгиленет.

ЮНЕСКОнун программалык документинде [1995] ошондой эле жогорку окуу жайларында кадрларды даярдоонун максаттары эмгек дүйнөсүндөгү жаңы шарттар менен аныктала тургандыгы белгиленген, ошондуктан окуу пландарына интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүн жана маданий өзгөрүүлөрдү талдоо жана ыңгайлаштыруу, демилгени, ишкердик духун жана өзүнө ишенүүнү өнүктүрүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүчү предметтер камтылууга тийиш деп аныкталат.

Ошентип, коомдун жана мамлекеттин алдында турган негизги милдеттердин бири - эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон, жогорку кесиптик жана универсалдык компетенцияларга ээ болгон жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо.

Ушуга байланыштуу жаңы муундагы адистерди даярдоо, алардын универсалдык компетенцияларын жана жогорку квалификациясын калыптандыруу

биринчи планга чыгат. Азыркы коом ар тараптуу сабаттуу, ар кандай өнөрдү мыкты билген чыгармачыл адамдарга муктаж.

Бул диссертациялык изилдөөнүн проблемасынын актуалдуулугу төмөнкүдөй карама-каршылыктардын болушу менен тастыкталат:

1. Заманбап өзгөрүп жаткан коомдун жаш адистерге коюлган талаптары менен жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн даярдоо деңгээли;

2. Иш жүзүндө жогорку кесиптик билим берүүнүн компетенттүүлүк мамилеге өтүшү менен жогорку кесиптик мектептин айрым окуу сабактарынын, анын ичинде "Кесиптик кыргыз тили" окуу сабагынын алкагында универсалдык компетенцияларды калыптандыруу менен байланышкан теориялык маселелердин жетишсиздиги.

Белгиленген карама-каршылыктардын негизинде «Кесиптик кыргыз тили» дисциплинасынын алкагында билим берүү натыйжасы катары универсалдык компетенцияларды калыптандыруу маселесин кантип чечүү керек деген маселе келип чыгат.

Проблеманын актуалдуулугун жана анын жетишсиз иштелишин изилдөөнүн жүрүшүндө бул изилдөөнүн темасы **«Тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу»** деп тандап алынды.

**Диссертациянын темасы менен окуу жайлары жүргүзгөн негизги илимий иштердин байланышы.** Диссертациянын темасы Кыргыз билим берүү академиясынын учурдагы изилдөө темаларынын тизмесине киргизилген.

**Изилдөөнүн максаты** – университеттин тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун моделин иштеп чыгуу жана негиздөө; - аны натыйжалуу ишке ашырууну аныктоо жана эксперименталдык түрдө текшерүү.

Максатка ылайык изилдөө бир катар маселелерди чечет.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Изилдөө проблемасы боюнча илимий-педагогикалык адабияттарды талдоонун негизинде “компетенция”, “компетенттүүлүк”, “универсалдык компетенциялар” түшүнүгүнүн мазмунун аныктоо.

2. Универсалдык компетенцияларды калыптандыруу үчүн "Кесиптик кыргыз тили" окуу дисциплинасынын билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн жана кыргыз тили сабактарында түзүлүүчү универсалдык компетенциялардын тизмесин аныктоо.

3. Кыргыз тили сабактарында универсалдык компетенцияларды калыптандыруунун моделин иштеп чыгуу жана теориялык жактан негиздөө жана аны ишке ашыруунун натыйжалуулугун эксперименталдык түрдө текшерүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** жана теориялык мааниси "универсалдык компетенциялар" түшүнүгүнүн мазмуну ачылгандыгында; тилдик эмес факультеттерде студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу үчүн "Кесиптик кыргыз тили" окуу дисциплинасынын билим берүү

мүмкүнчүлүктөрү аныкталгандыгында; тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин түзүлүүчү жана өнүктүрүлүүчү универсалдык компетенцияларынын тизмеси жана компоненттик курамы аныкталгандыгында; тилдик эмес факультеттерде студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу модели иштелип чыкты, теориялык жактан негизделди жана апробацияланды; кыргыз тили сабагында универсалдык компетенциялардын ийгиликтүү калыптанышына өбөлгө түзүүчү моделди ишке ашыруунун педагогикалык шарттары аныкталды жана эксперименталдык жактан текшерилди.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** төмөндөгүлөр менен аныкталат: академиялык дисциплинанын окуу планынын вариативдик бөлүгү иштелип чыкты жана текшерилди. «Кесиптик кыргыз тили» тилдик эмес факультеттерде студенттер үчүн жана алардын универсалдык компетенцияларын калыптандыруу жана өнүктүрүү динамикасын аныктоо үчүн сыналган диагностикалык каражаттары апробацияланды.

Диссертациялык изилдөөдө камтылган теориялык материал тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун окуу-методикалык программасын иштеп чыгуу үчүн негиз болду.

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган жыйынтыктар жана корутундулар орто кесиптик билим берүү мекемелеринде жана жогорку техникалык окуу жайларында тилдик эмес факультеттерде студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун моделдерин иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн материалдары кыргыз тили боюнча окутуучулардын кесиптик даярдоо жана кайра даярдоо процессинде колдонууга сунушталат.

**Изилдөөнүн негизги базасы:** Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети жана колледжи, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, "Өнөр жай жана граждандык курулуш», «Суу менен жабдуу, канализация жана гидротехникалык курулуш» (курулуш багыты боюнча) жана «Программалык камсыздоону иштеп чыгуу технологиясы», «Компьютердик лингвистика» (программалык инженерия багыты боюнча) болду. Эксперименталдык иш Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин "Кыргыз тили жана адабияты" кафедрасында жүргүзүлдү.

**Диссертациянын коргоого коюлган негизги жоболору.**

1. Жогорку кесиптик мектепте тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун методикасы;

2.Тилдик эмес факультеттерде студенттердин предметтик-адистешти-рилген гана эмес, ошондой эле чыгармачыл өзүн-өзү ишке ашырууга, социалдык өз ара аракеттенүүгө жана өзгөрүп жаткан шарттарга ыңгайлашууга мүмкүндүк берген универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун мааниси.

3.Тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларынын калыптанышына өбөлгө түзүүчү көнүгүүлөрдү жана тапшырмаларды тандоо.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** диссертациялык иште баяндалган теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн негизги көлөмүн аткарууда турат, анын ичинде теориялык моделдерди, эксперименталдык изилдөөлөрдүн методикаларын иштеп чыгуу, изилдөөлөрдү жүргүзүү, жыйынтыктарды талдоо жана жарыялоо жана басып чыгаруу түрүндө тариздөө КР ББИМ грифи менен 1 окуу китеби (1 жана 2 бөлүк), курулуш багыты боюнча – 1, жана жаңы технологиялар багыттары боюнча тексттер жыйнагы - 1, иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча - 1 окуу куралы, коммуникативдик тапшырмалардын жыйнагы - 1, “Кесиптик кыргыз тили” сабагынын планы.

Студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу боюнча ыкмалары изденүүчү тарабынан жекече иштелип чыкты жана практикага сунушталды. Бул ыкмалардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте жекече текшерилди. Илимий иштин негиздери изденүүчү тарабынан апробацияланды.

Изилдөө жана аны сыноо эксперименталдык иштин жүрүшүндө ишке ашырылган. Негизги изилдөө жыйынтыктары:

- Билим берүү жана коомдук илимдер боюнча эл аралык түрк дүйнөлүк конгрессинде “Проблемы и перспективы социализации молодёжи Кыргызстана в современных условиях” темасында доклад талкууланды (13.11. 2020);

- Н. Исанов атындагы КМКТАУнун кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын методикалык семинарларында жана жыйындарында талкууланды;

- Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин эл аралык ЖОЖдор аралык студенттик илимий - практикалык конференцияда талкууланды. (27.05.2021);

- Н. Исанов атындагы КМКТАУнун кыргыз тили жана адабияты кафедрасы тарабынан өткөрүлгөн ЖОЖдор аралык онлайн-семинарда "Кесиптик кыргыз тили "системасын киргизүү" темасы боюнча талкууланды. (31.05.2021); - "Билим берүү: көйгөйлөр жана перспективалар, баалуулуктар жана инновациялар" эл аралык илимий-практикалык конференциясында талкууланды (3 0.04.2022.);

- "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда талкууланды (17-19.06.22. Чолпон-Ата ш.);

- "Тил достуктун жана биримдиктин көпүрөсү" аттуу Республикалык илимий-практикалык конференцияда талкууланды. Баяндаманын темасы: "Интерактивдүү сабак методунун негизинде "; (2022)

- "Сабактарды интерактивдүү методдор менен окутуу" аттуу ЖОЖдор аралык илимий-практикалык конференцияда талкууланды. Баяндаманын темасы:

"Студенттин универсалдык компетенттүүлүгү алардын калптандыруууда коммуникативтик оюнду колдонуу "(21.02.23. КР КМТУ);

- "Алдыңкы кылымда педагогикалык кесипкөйлүк" жумушчу программасы боюнча "ТӨМдү (туруктуу өнүгүү максаттарын) ишке ашырууда унивеситеттердин ролун жогорулатуу" эл аралык вебинарынын концепциясында талкууланды. Баяндаманын темасы: "Техникалык ЖОЖдордо кыргыз тилин окутуунун философиялык проблемалары". (Сертификат) (12.04.2023.Ташкент шаары) ;

- "Кыргызстан Эл аралык университетинин" 30 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияда талкууланды. "Жаңы Жибек Жолу: ишкердик кызматташтык жана экономикалык өнүгүүнүн келечеги". Макаланын темасы: “Студенттеринин универсалдуу компетенцияларын калыптандыруу ыкмасы катары кыргыз тили сабактарында коммуникативдик оюндар”. (25.05.2023. КР МУК);

**Диссертациянын жыйынтыктарын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу.** Изилдөөнүн жыйынтыктары 2 окуу жана 4 окуу-методикалык колдонмодо жана 12 макалада чагылдырылган, анын ичинде КР УАК тарабынан сунушталган жана РИНЦКЕ киргизилген басылмаларда 10 макала жана эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференциялардын материалдарынын жыйнактарында 2 макала жарыяланган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүмү:** Диссертация кириш сөздөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, жыйынтыктан, практикалык сунуштамадан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана изилдөөнүн жумушчу материалдары берилген тиркемелерден турат.

## ИЛИМИЙ ШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан проблеманын актуалдуулугу негизделет, жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн даярдоодогу карама-каршылыктар белгиленет, изилдөөнүн максаттары, милдеттери аныкталат, иштин жаңылыгы жана практикалык мааниси, изилдөөчүнүн жеке салымы ачылат, изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо, диссертациянын натыйжаларын басылмаларда толук чагылдыруу, ошондой эле диссертациялык изилдөөнүн түзүмү берилет.

Биринчи главада тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун теориялык негиздери каралат.

**Биринчи главада** "Тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун теориялык негиздери" аталышында - универсалдык компетенцияларды калыптандыруунун теориялык жагы каралат.

**Биринчи главанын биринчи бөлүмүндө** "Компетенттүүлүк" жана "компетенттүүлүк" түшүнүктөрүн талдоонун теориялык жана практикалык аспектилери орус окумуштуулары: Л. А. Петровская [1989], И. А. Зимняя [2004], Н. В. Кузьмина [2003], А. В. Хуторской [2003], Э. Ф. Зеер [2007], Дж. Равен [2002] жана казакстандык изилдөөчүлөр: М. Ж. Джадрина [2006], К.Л. Кабдолова [2007], Ж. Х. Салханова [2011], В. В. Сериков [2003], Ж. Т. Даулетбекова [2020], А. Б. Туманов [2014], Ф. Б. Абаев [2014], Ж. Н. Бисенбаева [2013], ошондой эле, ата мекендик окумуштуулар: К. Д. Добаев [2003], Н. К. Дюшеева [2009], А. Т. Калдыбаева [2019], А. К. Наркозиев [2014] тарабынан терең изилденген.

"Компетенция", "компетенттүүлүк" жана "универсалдык компетенциялар" түшүнүктөрүнүн мазмуну боюнча чет өлкөлүк жана ата мекендик илимий изилдөөлөрдүн абалынын теориялык анализи төмөнкү тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берди:

- билим берүүгө компетенттүүлүк мамиле концепциясы калыптануу стадиясында турат жана "компетенция", "компетенттүүлүк" түшүнүктөрүнүн мазмунун аныктоодо көйгөйлөр бар, адистин моделине киргизилген универсалдык компетенциялардын бирдиктүү классификациясы такталган эмес.
- универсалдык компетенцияларды калыптандыруу студенттердин өз тажрыйбасынын негизинде социалдык-маданий тажрыйбаны өздөштүрүүсүн болжолдойт.
- кыргыз тили боюнча билим берүү процессинде студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу моделин иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыкты.

**Биринчи главанын экинчи бөлүмүндө** "Билим берүү процессинде студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүнө" тиешелүү мазмуну жана окутуу ыкмалары аркылуу окуу процессинде компетенцияларды калыптандыруу мүмкүндүгүн карайт. Мындай ыкмада билим берүүнүн жаңы натыйжалары катары универсалдык компетенцияларды калыптандыруу кесиптик билим берүүнүн өзгөчө мета-предметтик контекстин түзөөрү анык.

Биздин изилдөөдө биз Л. М. Павловдун, Е. Г. Лопестин [2010], компетенттүүлүк билимдин, көндүмдүн, билгичтиктин (БКБ) жөндөмдүн жана инсандык сапаттардын интеграцияланган айкалышы жана компетенттүүлүгү анын структуралык элементи болуп саналышын карманабыз. Биз куруучу, инженер, программист адистиги боюнча студенттердин универсалдык компетенцияларын карайбыз жана аны ар кандай компетенциялардын жыйындысы катары аныктайбыз, атап айтканда: **социалдык компетенциялары, өзүн-өзү уюштуруу, ой жүгүртүү жөндөмү жана маалымат-технологиялык компетенциялары.**

Көрүнүп тургандай, кээ бир изилдөөчүлөр "компетенттүүлүктү" өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу үчүн колдонулган билимдин, жөндөмдүн, ыктуулугун, ийкемдүүлүгүн жана жеке сапаттардын айкалышы катары же белгилүү бир тапшырманы аткарууга жөндөмдүү тиешелүү же жогорку квалификация катары карашат. Мисалы, курулуш компетенттүүлүгүнө ресурстарды издөө, ресурстарды пайдалануу, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, көйгөйлөрдү чечүү, адамдарды башкаруу, эл алдында сүйлөө ж. б. Ал эми жаңы технологиялар жаатындагы компетенцияга коммуникабелдүүлүк, креативдүүлүк (ойлоп табуу, адаттан тышкары, уникалдуу), чыгармачыл ой жүгүртүү жөндөмү, стандарттуу эмес чечимдерди табуу ж. б. кирет.

Ошентип, алынган талдоо "компетенция" жана "компетенттүүлүк" түшүнүктөрүн чечмелөөнүн көп өлчөмдүүлүгүн жана түшүнүксүздүгүн көрсөтөт жана бул түшүнүктөрдүн катышын чечмелөөнүн эки вариантын: окшоштуруу жана ажыратууну аныктайт. (Схемасы 2.)

1-схема. "Компетенция" жана "компетенттүүлүк" түшүнүктөрүнүн өз ара айкалышы:




**Студенттин** өз ара байланышкан сапаттарынын *(билим, көндүм, билгичтик, жөндөмдүүлүк, жеке сапаттар*) жыйындысы - компетенция.

**Студенттин** өз ара байланышкан сапаттарын: *билимин, көндүмүн, билгичтигин, жөндөмүн жана жеке сапаттарын* ар түрдүү кырдаалдарда колдоно билүү - компетенттүүлүк.

"Компетенция" жана "компетенттүүлүк" түшүнүктөрүнүн ар кандай аныктамаларынын болушун эске алып, компетенция жана компетенттүүлүк терминдеринин түшүнүктөрү бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин белгилейбиз.

Изилденип жаткан теманын алкагында компетенттүүлүк билимдин деңгээлин, б.а. студенттин өзүн ишенимдүү сезүүгө жана XX1 кылымдын чакырыктарына жооп берүүгө мүмкүндүк бере турган бир катар социалдык зарыл компетенцияларды өздөштүрүүсүн белгилей тургандыгы аныкталган.

**Биринчи главанын үчүнчү бөлүмүндө** экинчи тил катары кыргыз тили сабактарында студенттердин кесиптик лексикасын калыптандыруунун теориялык негиздери студенттердин кесиптик лексикасын калыптандыруу бүгүнкү күндө заманбап адисти даярдоонун негизги критерийлеринин бири болуп саналат деп айтылат. Курулуш адистиктеринин студенттери үчүн Кыргыз тилин кесиптик окутуу кесиптик жана лингвистикалык билимдерди айкалыштырып өздөштүрүүнү камтыйт. Бул кыргыз тилин кесиптик көндүмдөрдүн негизи катары колдонуу жана окуу планын конкреттүү тармакка адаптациялоо үчүн маанилүү. Негизги компоненттери лексикалык минималдуу, көндүмдөрдү жана билимдерди, темаларды изилдеп, окуу көндүмдөрүн, ошондой эле лексиканы өнүктүрүү боюнча жемиштүү стратегиясын камтыйт.

**Биринчи главанын төртүнчү бөлүмүндө** ЖОЖдун тилдик эмес факультеттеринин студенттеринин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу үчүн "Кесиптик кыргыз тили" окуу дисциплинасынын билим берүү мүмкүнчүлүктөрү каралды, мында билим берүү мүмкүнчүлүктөрү төмөнкүлөр болуп саналат: а) коммуникативдик мамиле, ал - баарлашууга жана инсандык өз ара аракеттенүүгө окутууну камтыган Кыргыз тилин окутуунун негизин түзөт; б) окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу жана окуу ишин уюштуруунун ыкмаларынын жыйындысын системалуу пайдалануу: дискуссиялар, конкреттүү кырдаалдарды талдоо, коммуникативдик тапшырмалар, ролдук оюндар, долбоорлор, фронталдык, топтук;

Бул маселени кароонун жыйынтыгында универсалдык компетенцияларды өнүктүрүү көз карашынан алганда кыргыз тилинин билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн талдоонун натыйжалары кыргыз тилин окутуу процессинин негизин коммуникативдик мамиле түзөт, ал башка адамдар менен баарлашууга жана өз ара аракеттенүүгө окутууну билдирет деп айтууга болот. Демек, баарлашуу көндүмдөрү гана эмес, универсалдык көндүмдөр да калыптанат. Ошентип, студенттер теорияны гана эмес, тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө иш-аракеттерди да үйрөнүшү керек. Окутуучунун милдети - позитивдүү окуу чөйрөсүн түзүү, студенттерге керектүү маалыматка жетүү жана мугалимдерден баштап студенттерге чейин бири-биринен үйрөнө турган жамаатты түзүү**.**

**Экинчи главада "**Тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу боюнча педагогикалык шарттарды изилдөө методологиясы жана тажрыйбалык-эксперименттик иштин методдору" деп аталган бөлүмүнүн мазмуну экинчи маселеге ылайык, ушул изилдөөнүн объектисин, предметин жана методдорун ачып берет.

Азыркы шартта УКнын калыптанышына өбөлгө түзүүчү педагогикалык шарттарды изилдөө методологиясынын негизги компоненттери болуп төмөнкүлөр саналат:

**Изилдөө объектиси** - тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагын өтүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети** - тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу.

**Изилдөөнүн экинчи главасынын биринчи бөлүмү** тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандырууга көмөктөшүүчү методикалык аспектилерге, педагогикалык шарттардын түзүлүшүнө жана мазмунуна арналган. Изилдөөнүн максаттарына ылайык, изилдөөнүн предметине жана объектисине ылайык келген бир катар теориялык жана эксперименталдык-эмпирикалык методдор ишке ашырылган:

- **Теориялык:** социалдык-философиялык, лингвистикалык жана педагогикалык адабияттарды, ченемдик документтерди талдоо; синтез, аналогия, салыштыруу жана карама-каршы коюу, педагогикалык тажрыйбаны моделдөө (анын ичинде өзүнүн);
- **Эксперименталдык-эмпирикалык:** байкоо жүргүзүү, маектешүү, студенттерди, окутуучуларды жана жумуш берүүчүлөрдүн сурамжылоо, анкеталык суроолор.

Изилдөөнүн жыйынтыгында бөлүнгөн педагогикалык шарттарды эске алуу менен кыргыз тилин окутуу процессинде тилдик эмес факультеттердин студенттеринин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу модели иштелип чыкты.

**Экинчи главанын экинчи бөлүмүндө** кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда педагогикалык технологиялар жана студенттерде универсалдык компетенцияларды калыптандыруу боюнча интерактивдүү методдорду колдонуу ыкмаларына арналган:

**Долбоорлук ыкмасы:** студенттер теманы изилдөө, көйгөйлөрдү чечүү жана натыйжаларын берүү үчүн Кыргыз тилин колдонууну талап кылган долбоорлорду түзүүгө жана ишке ашырууга катыша алышат. Бул ыкма коммуникативдик, аналитикалык жана чыгармачылык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. **Ролдук оюндар:** студенттер ролдорду аткара алышат жана өз ара аракеттенүү үчүн Кыргыз тилин колдонууну талап кылган реалдуу турмуштук кырдаалдарды симуляциялоого катыша алышат. Бул ыкма баарлашуу, ар кандай контексттерге көнүү жана чечим кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. **Кейс-стади методу**: студенттер реалдуу же ойдон чыгарылган сценарийлерди талдап, өз чечимдерин жана тыянактарын кыргыз тилинде беришет. Бул ыкма аналитикалык жана критикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүн, ошондой эле билимди иш жүзүндө колдонуу жөндөмүн өркүндөтөт. **Топтук иш:** Студенттер кыргыз тилинде талкуу, кызматташуу жана пикир алмашууну талап кылган тапшырмаларды аткаруу үчүн чакан топтордо иштешет. Бул ыкма коммуникативдик жана

жамааттык көндүмдөрдү өркүндөтөт. **Интерактивдүү технологияларды колдонуу:** онлайн-платформалар, мультимедиялык ресурстар жана интерактивдүү окуу китептери сыяктуу заманбап билим берүү технологияларын колдонуу студенттер үчүн интерактивдүү өз ара аракеттенүү аркылуу кыргыз тилиндеги көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берүү менен окуу процессин кызыктуураак жана натыйжалуу кыла алат.

**Экинчи главанын үчүнчү бөлүмү** "Тилдик эмес факультеттердин студенттеринин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу боюнча педагогикалык экспериментти уюштуруу жана өткөрүү" деген аталышта эксперименталдык изилдөөлөргө арналган. Тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу" (*курулуш адистиктеринин студенттеринин мисалында*) боюнча тажрыйбалык-эксперименталдык иштердин максаттары, милдеттери, мазмуну берилген.

Студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу моделин иштеп чыгуу тажрыйбалык-эксперименталдык иштин максаты академиялык жана аудиториядан тышкаркы ишмердүүлүктө окутуунун ар кандай этаптарында кесипкөй кыргыз тили дисциплинасынын алкагында универсалдык компетенцияларды калыптандырууга багытталган натыйжалуу билим берүү технологияларын талдоо жана табуу болуп саналат.

Көрсөтүлгөн максатка ылайык төмөнкү милдеттер аныкталды:

- Тилдик эмес жогорку окуу жайында окутуунун ар кандай этаптарында "Кесиптик кыргыз тили" дисциплиналарын окутууда топтолгон тажрыйбаны жалпылоо.

- Универсалдык компетенциялардын калыптанышына өбөлгө түзө турган натыйжалуу билим берүү технологияларын аныктоо.

Бакалаврда "Кесиптик кыргыз тили" сабагын окутуунун максаты катары универсалдык компетенцияны калыптандырууну кароодо окуу программасына эки негизги модул киргизилген:

- Өз алдынчалуулуктун чоң даражасы менен жаңы билимге ээ болуу жөндөмдүүлүгү.

- Кыргыз тилинде докладдарды презентациялоо жана талкуулоо көндүмдөрү.

Эки модуль тең бакалавр программасынын "Кесиптик кыргыз тили" сабагынын алкагында түзүлгөн Кыргыз тилинде илимий адабияттарды окуу, ишкердик жазуу жана оозеки сүйлөө (эл алдында чыгып сүйлөө жана илимий дискуссия) көндүмдөрүн калыптандырууда үзгүлтүксүздүктү колдойт.

**Үчүнчү главада** тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу (курулуш адистиктеринин студенттеринин мисалында) боюнча тажрыйбалык-эксперименталдык иштердин максаттары, милдеттери, мазмуну берилген.

"Тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун моделин иштеп чыгуу" үчүнчү главанын биринчи пунктундагы тажрыйбалык-эксперименталдык иштин максаты - академиялык жана аудиториядан тышкаркы ишмердүүлүктө окутуунун ар кандай этаптарында "Кыргыз тили" дисциплинасынын алкагында универсалдык компетенцияларды калыптандырууга багытталган натыйжалуу билим берүү технологияларын талдоо жана иш жүзүнө ашыруу болуп саналат.

Көрсөтүлгөн максатка ылайык **төмөнкү милдеттер аныкталды**:

- Тилдик эмес жогорку окуу жайында окутуунун ар кандай этаптарында "Кесиптик ыргыз тили" дисциплинасын окутууда топтолгон тажрыйбаны жалпылоо.
- Универсалдык компетенциялардын калыптанышына өбөлгө түзө турган натыйжалуу билим берүү технологияларын аныктоо.

Бакалаврда "Кесиптик кыргыз тили" сабагын окутуунун максаты катары универсалдык компетенцияны калыптандырууну кароодо окуу программасына эки негизги модул киргизилген:

- Өз алдынчалуулуктун чоң даражасы менен жаңы билимге ээ болуу жөндөмдүүлүгү.
- Кыргыз тилинде докладдарды презентациялоо жана талкуулоо көндүмдөрү.

Эки модуль тең бакалавр программасынын "Кесиптик кыргыз тили" курсунун алкагында түзүлгөн кыргыз тилиндеги илимий адабияттарды окуу, ишкердик жазуу жана оозеки сүйлөө (эл алдында чыгып сүйлөө жана илимий дискуссия) көндүмдөрүн калыптандырууда үзгүлтүксүздүктү колдойт.

